# ЛИТЕРАТУРОВЕДЕНИЕ

УДК 820/89.0

К.Н. Адиев

## АЙЧҮРӨКТҮН ОБРАЗЫНДАГЫ ЖОМОКТУК-МИФОЛОГИЯЛЫК БЕЛГИЛЕР ("СЕМЕТЕЙ " ЭПОСУНУН МАТЕРИАЛЫ БОЮНЧА )

*Макалада "Семетей" эпосунун баш каармандарынын бири Айчүрөктүн образындагы байыркы жомоктук-мифологиялык белгилер ачылып берилет. Айчүрөктүн образындагы архаикалык белгилер аркылуу бир типтеги жомоктук-мифологиялык сюжет байыркы убакта эле болгондугу,жана эпостун алгачкы катмарын түзгөн эпикалык окуялардан экендиги Саян-Алтай чөйрөсүндө жашаган элдердин фольклорунан генетик-типологиялык окшош фактылардан мисалдар келтирүү далилденет.*

"Манастын" экинчи бөлүгү болгон "Семетей" эпосунда жомоктук-мифологиялык айкын белгилерди ишенимдүү сактап келген эпикалык окуя катарында Семетей менен Айчүрөк жөнүндөгү окуяны жана негизинен Айчүрөктүн образындагы традициялык элементтерди атоого болот. "Семетей" эпосуна алгачкы илимий анализ жүргүзгөн көрүнүктүү фольклорист-тюрколог В.М. Жирмунский төмөнкүчө белгилеген: "Айчүрөк-царевна лебедь, по желанию может облекаться в лебединые одежды и принимать образ лебедя.Дева-лебедь-сказочно-мифологический образ восходящий к пережиткам периода тотемизма и хорошо известный как тюркскому эпосу и народным преданиям…Таким образом с реалистической, "исторической" интерпретацией образа героини перекрещивается более древняя, сказочно-мифологическая" [1].

Айчүрөктүн образы байыркы жомоктук-мифологиялык тибиндеги образ экендигин айкын далилдүү көрсөтүп турган эки белгисин: ак куу кебин кийип кубулуп учушу, өлгөн адамды тирилтиши же жарадар адамды аттап сакайышын атасак болот. Кийинчерээк, Манас изилдөөчү Р.Сарыбеков "Манас" эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы" (1987) деген илимий изилдөөсүндө Айчүрөктүн образын баштапкы мифтик абалын (генезис) ишенимдүү далилдеди. Изилдөөчү Якут элинин мифологиясы боюнча: "Айым-общее название добрых божеств якутской мифологии, покровителей людей" деген ырайымдуу кудайын мисалга алып, андан ары ал: "Ушул эле мифология боюнча, ушул эле айылдардын башында турган Үрүн Айшы Тойон жараткан кут менен сүрдүү тогузунчу кабат асманда (теңирден) ак куу кейпиндеги аял кудай жердеги адамдарга жеткирерин кошуп эсептесек, -Айчүрөктүн образы бул мифологиялык образ менен түпкү тегенде генетикалык байланышы бар экенин көрүү кыйын эмес. Айчүрөктүн праобразы мифологиялык образ ак куу кейпиндеги айынын (аял кудайдын) асмандан жерге түшүшү, мифологиялык каармандан таза фольклордук каарманга карап өнүгүшүнөн пайда болгон. [1]

Сибирь чөйрөсүндөгү жашаган түрк-монгол элдеринин диний ишенимдеринин алгачкы формаларын изилдеген этнографтардын кийинки кездеги эмгектерине таянуу менен Айчүрөктүн образындагы тереңдетип иликтеп, Р.Сарыпбеков анын башатын далилдүү аныктоого жетишкен. Ал якуттардын ырайымдуу аял кудайы-Айым "байыркы Индия элинин эң жогорку кудайы-Ай менен текteш" деген корутундуга келип, "Айчүрөк" деген ысымды "Ай" деген компоненти да ошол эле асман аял кудайы

менен генетикалык жагынан байланыштуу деп эсептейт. Изилдөөчү этнографтар да: "Значение слова аи (мать) их потомками было утрасено. Слово айым, аи стало пониматься как общее название светлых божеств-небожителей".[2] деген тыянакты айтышат.

Р.Сарыпбеков Айчүрөктүн образынын эволюциялык өнүгүшүнүн кийинки этаптарында маданияты башка элдердин фольклорунун таасири менен, кыргыздардын мусулман дүйнөсүнүн чөйрөсү менен аралаша баштапынын натыйжасында олуттуу өзгөргөндүгүн, башка ага тектеш келген жомоктук-мифологиялык элементтер менен кошумчаланып, трансформациялангандыгын ишенимдүү белгилейт. Ошондой болсо да анын образындагы жомоктук-мифологиялык белгилер биротоло өчүп калбастан, айрым элементтери сакталып келгендиги байкалып турат.

Айчүрөктүн образындагы ушундай традициялык белгилердин дагы бири анын "өчкөн отту тамызган, өлгөн жанды тиргизген" кереметтүү касиети болуп эсептелет. Ал кереметтүү аял катарында өз каалаганындай кубула алат (Ак куга, Ак чабакка, Ак булага), табиятка түздөн-түз таасир эте алат (Семетейдин Ак шумкарын ала качканда жамгыр жаадырып, жөө туман түшүрөт), ал кааласа өлгөн адамды тирилте алат. (Семетей жарадар болуп, өлүм алдында жатканда анын үстүнөн аттап, денесиндеги окту түшүрүп, соо абалына келтирет), же өлүмгө дуушар кылат (Семетей өлөөр алдында анын барба деген тилин укпай, Манастын күмбөзүнө тайынганы баратканда каргайт). Ушул сыяктуу Айчүрөктүн кереметтүү касиеттеринин элементтеринин сакталышын көрсөтүп келип, Р.Сарыпбеков төмөнкүчө жыйынтык чыгарат: "Мунун баары матриархаттык доор күч алып турган мезгилде жаралган кудай аял-табияттын улуу энесине таандык касиеттер. [1]

Айчүрөктүн образындагы мындай архаикалык белгилер аркылуу бир типтеги-жомоктук сюжет байыркы убакта эле болгондугун, жана эпостун алгачкы катмарын түзгөн эпикалык окуялардын биринен экендигин көрсөтүү үчүн Саян-Алтай чөйрөсүндө жашаган элдердин фольклорунан генетико-типологиялык окшош фактылардан мисалдарды келтирип көрөлү.

Калмак фольклористи А.Ш.Кичиков "Жангар" эпосун салыштырып изилдөөнүн негизинде төмөнкүчө жыйынтыкка келет: "Одним из древнейших сказочно-мифологических мотивов.вошедших в ткань повествования, является мотив о чудесном воскрешении, исцелении погибшего (или смертельно раненного) героя, бытующий в эпических творениях якутов, алтайцев, бурят, киргизов и других народов Центрально-Восточной Азии" [2]. Бурят элинин фольклордук чыгармаларында бул типтеги архаикалык мотив кеңири айтыларын белгилеп, фольклорист А.И.Уланов да мындай деп жазат: "Невеста возвращается и троекратным ударом кнута, а иногда, совершив поход за живой водой, воскрешает героя. И они живут счастливо.

Алтайдын эпикалык чыгармаларында "өлгөн жанды тирилтүү" мотиви ар түрдүү версияларда айтылат. Мисалы, Алтайын Сайын Салам мергенчилеп бир бугуну кууп баратып атынан жыгылып, өлүп калат. Жээрде аты анын карындашына кабар кылат. Кыз агасынын сөөгүн аскага бекитип коюп, өзү эркекче кийинип, Күн-каандын жерине барат. Күн-каандын кызын алыш үчүн мелдеш өткөрүп жаткан болот. Карындашы мелдеште мөөрөйдү алат. Шарт боюнча Күн-каандын алып келет. Кыз ага билгизбей өлгөн агасын аскадан үйүнө алып келип, колуна: "Күн-каандын кызын алып келдим" деп, жазып коюп, өзү кубулуп, кетип калат. Күн-каандын кызы сырттан чакырса эч ким чыкпайт, үйүнө кирсе Алтайын Сайын Салам уктап жатат. Ойготсо ойгонбойт, өлгөнүн

билет да, үстүнө ары аттаса кыймылдабайт, бери аттаса "мынча эмне көпкө уктап калгам" деп тура калат. Жүзүн жуунайын деп колундагы жазууну окуп,иштин жайын түшүнөт. Ошентип, Алтайын Сайыш Салам Күн каандын кызына үйлөнүп калат. [2]

Албетте, мында Күн-каан асман менен байланыштуу экендиги түшүнүктүү. "Алтай Буучай" деген баатырдык жомокто: Камчы жээрин деген аты даары издеп Жер эненин кеңеши менен Желбегенди (Желмогуз) өлтүрүп, меңин кесип келет да, Алтай Буучайдын оозуна салса, тирилип тура калат. Анын баласы Эркемелди Теңере Каандын кызы Темене Коо келип, сөөгүн эбине келтнрип, ак сүт чачканда тирилет. "Көгүдөй" деген чыгармада Көгүдөйдин баласы Кус Кун өлгөнүн сезип, мурун достошкон Кан Кере (Алп кара куш) ак деңизден арашан суу алып келип тирилтет.

Алтай фольклорунда мыдан башка да ар кандай магиялык жолдор менен өлгөн каармандары тирилтүү мотивдери учурайт. Мисалы, Алтай фольклористи, профессор С.С. Суразаков: "Женщина оживляет или исцеляет героя троекратным перешагиванием через него" [2] - деп жазат. Өлүктү аттап тирилтүү мотиви алтай эпостору үчүн мүнөздүү болгондугу чн С.С.Суразаков ушундай пикирди айтып жаткандыгы түшүнүктүү. Айчүрөктүн тибиндеги өлгөндү тирнлтүү же жарадар болгон эпикалык каармандарды айыктыруу функциясын алтай эпосторунда Теңирдин, Күндүн, Айдын кыздары аткарат. Бул жөнүндө профессор С.С. Суразаков мындай жазган: "Однако, в эпосе, как увидим дальше, имеются и образы небесных шаманов – дев-воскресительниц, обычно дочерей Неба, Солнца, Месяца и разных стихий, которым, по всем данным, поклонялись древние племена Алтая" [2].

Советтик археолог, профессор П.М.Грязновдун аныктоосу боюнча анын төмөнкүдөй пикирине көңүл бурсак болот. Ал: "Героическое сказание, в основу которого лег сюжет об исцелении Целомудренной женщиной павшего в битве героя, получило широкое расспространение в У-111 веках до нашей эры и отразились и в изобразительном искусстве своей эпохи" [3]. Демек эпикалык каарманды айыктыруу жөнүндө сюжетти археологиялык материалдардын негизинде ишенимдүү көрсөтүп, бул сюжет биздин эрага чейин эле фольклордук чыгармалардагы традициялык көрүнүш болгондугун ачык байкайбыз. Ошону менен бирге, бул тилдеги сюжеттер түрк-монгол элдеринин көпчүлүгүнүн фольклордук чыгармаларында сакталып келгендигинен жана "Манастын" "Семетей" бөлүгүндө да айтылгандыгынан ал жомоктук-мифологиялык сюжет байыртадан келаткан алгачкы катмарга таандык эпизод экендигин билгизет.

Албетте, эпикалык чыгармаларды аял кудайлар тирилтиши эң байыркы мифологиялык түшүнүк менен байланыштуу болгондугу, Саян-Алтай чөйрөсүндө жашаган элдердин диний түшүнүктөрү боюнча да алар,негизинен, шаманисттик көз караштарда болгондуктан алгачкы формасына жакын абалында сактап келишкен. Ал эми "Манас" эпосунда болсо мусулман дүйнөсүнүн диний ишеними боюнча өлгөн адамды тирилтүүгө болбойт, мүмкүн эмес. Элдин "ок аттоо" деген түшүнүгү боюнча ыйык таза аял жарадар адамдын үстүнөн аттаса гана денесиндеги ок өзү жерге түшүп калат деген мотив менен алмашкан. Бирок Айчүрөк (аял кудай) таза кереметтүү болгондуктан, Семетейдин денесиндеги окту аттап түшөт.

Айчүрөктүн образынын тибиндеги эпикалык каармандар алтайлыктардын баатырдык жомокторунун көп сюжеттеринде сакталган. Мындай образдын мүнөзү жөнүндө С. Суразаков төмөнкүчө эң туура пикир айтат: "В ее образе появляются черты верности и преданности богатырю, самоотверженности, она без колебания выходит замуж за земного богатыря, усыновляет его сына от чужой, враждебной женщины,

свершив соответствующий магический обряд. Словом, образ чудесной небесной помощницы героя эволюционирует в образ идеальной женщины-жены, наделенной моральной чистотой и беспредельной преданностью мужу" [1].

Айчүрөктүн ак куу болуп кубулуп, учуп жер кыдырышы сыяктуу (мифологиялык) касиет бурят элинин фольклорунда, анын мифтик легендаларында сакталган. Мисалы, "... в легенде о лебеде-тотеме девять небесных людей сели на берег озера и скинув свое лебединое одеяние, стали купаться. Охотник выбрал свою суженную младшую красавицу и спрятал ее одеяние. Она стала его женой. От них ведут начало хоринцы" [2]. Хорин уруусунан башка да буряттардын шошолог, хонгодор жана хангин деген уруулары да өздөрүн Ак куу куштун тукумубуз деп эсептешет экен. Ошондуктан, этнограф Г.Р.Галданова: "Широко расспространены различные варианты легенды о прародительницы Лебеди" [1] деп жазат. Буряттарда ак куунун түпкү энеси катарында ыйык санап, көптөгөн ырым жырымдарды жасап, көптөгөн тыюу салуу жөрөлгөлөрүн сакташат. Мисалы, Ак кууну көрсө "мэденээ" ("аман эсенби","соо-саламатбы") деп кыйкырышы керек. Күзүндө Ак куулар жылуу өлкөгө учуп кетип жатканда идишке сүт куюп чыгып артынан чачып, ак жол каалайт, кайтыш аман-эсен келишин тилешет. Ак кууну өлтүрүүгө, анын этин жегенге катуу тыюу салынган. Аны өлтүргөн адам өтө чоң күнөөгө батат. Ак кууну өздөрүнүн түпкү энебиз деп эсептеген уруулар өздөрүн "сагаан шубуунтан" ("ак куштун тукумубуз","Ак куунун тукумубуз") деп аташат же "тенгерейин уткатай" ("теңиринин тукумунанбыз","теңиринин элибиз") деп эсептешет.

Айчүрөктүн образындагы дагы бир алгачкы кереметтүү белгисинин бири-аял ак куу кебинен ажыраса, кадыресе эле карапайым аял болуп, кереметтүүлүгүн жоготот. Мисалы, Семетей Айчүрөктүн тилин албай, жоого минүүчү аты Тайбуурулду Үмөтөйдүн кунуна бергенде ага өчөшкөнүнөн "сен атыңдан айрылдың, мен канатымдан айрылдым" деп, Ак куу кебин өрттөп жиберет. Ошентип, ал кереметтүү ыйык касиетинен ажырап, жөнөкөй эле адам болуп калат.

Ушул сыяктуу эле буряттарда да асмандан түшүп келген тогуз Ак куунун биринин кийими мергенчи катып койгондуктан, ал куш кийими жок учуп кете албай, анын аялы болуп калат. Экинчи дагы бир варияитта Ак куу кыз куш кийимин мергенге алдырып жиберген соң Хориодойго аргасыз аял болот. Андан балалуу болуп, алар чоңойгон соң Ак куу-аял "Асман кишиси асманда,жердин кишиси жерде жашашы керек" деп,Ак куу болуп кубулуп,боз үйдүн түндүгүнөн учуп кетерде, күйөөсү кармайм деп, колу бутуна тийип кетет. Жер адамынын бул кылыгына кемсинип, маскаралаган мааниде кабыл алып, асманга учуп кете албастан, ак куу кебетесиндеги куш боюнча гана жерде жашап калат" [1].

Этнограф Г.Р.Галданова жыйынтыгында- Ак куу жөнүндөгү мифтик легенда боюнча мындай тыянакка келет: "Несмотря на широкую известность этого культа, Ц.Б. Цыдендамбаев считает, что тотем лебедь не является исконно бурятским, он заимствован" в условиях известного в истории господства тюркоязычных племен в Центральной Азии" [2].

Белгилүү этнограф Л.П.Потапов "Из истории ранних форм семьи и религиозных представлений" [3] деген макаласында Ак кууну ыйык (культ) тутуу түрк тилиндеги элдердин көбүндө болгондугун, аны кеңири салыштырып, терең анализ берүүнүн негизинде маанилүү корутундуларды берет. Мисалы, алтайлардагы куу киши уруусу, тубалардагы куулар уруусу өздөрүнүн чыгышып ушул мифке байланыштырат. Казактарда Эдиге баатыр мусулман ишениминде айтылып келген окуя Баба Туклас

менен Ак куу кыздын ортосунан төрөлөт. Бул сюжеттин мазмуну буряттардыкы менен өтө окшош, анын бир версиясы катары эсептөөгө да болот. Мындай сюжет түрк-монгол элдеринин фольклорунда гана сакталып келбестен, башка көп элдерде да болгондугун этнограф З.П. Соколова төмөнкүдөй жыйынтык чыгарат: "Широкое бытование имели у разных народов сказочные сюжеты о невесте (или женихе) в облике лебедя, лягушки, лисицы, медведицы, змеи и.т.д. В русских и немецких сказках вещие девы, надев голубиные, утиные или лебединые крылья или рубашки, превращались в голубок, уток, лебедей, а сняв их, снова становились девами" [1].

АДАБИЯТТАР


1. Алексеев Н.А. Ранние формы религии тюркоязычных народов в Сибири. -Новосибирск, 1980. -С. 162.
2. Грязнов М.П.Древнейшие памятники героического эпоса народов Южной Сибири /Археологический сборник Госэрмитажа. -Л., 1961. -№3. -С. 70-71.
3. Галданова Г.Р. Почитание животных у бурят. -Буддизм и традиционные верования народов Центральной Азии. -Новосибирск, 1982. -С.57-57.
4. Жирмунский В.М. Народный героический эпос. -М.; -Л., 1962. -С.96.
5. Кичиков А.Ш. Джангороведение "Итоги изучения. //Проблемы алтаистики и монголоведения. -Материалы Всесоюзой конференции. Вып.1. -Элиста, 1974. -С.52.
6. Проблемы алтаистики и монголоведения. -С.76.
7. Сарыпбеков Р. "Манас "эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. – Фрунзе: Илим, 1987. 92-93-беттер.
8. Суразаков С.С. Алтайский героический эпос. -М., 1985. -С.46.
9. Советская энциклопедия. -1959. -№2. -С. 18-30.
10. Соколова З.П. Культ животных в религиях. -М., 1972. -С.101.
11. Уланов А.И. Древний фольклор бурят. -Улан-Уде, 1974. -С.47.
12. Цыдендамбаев Ц.Б. Бурятские исторические хроники и родословные. -Улан-Уде, 1972. -С.225.